07.05.23г 16:50

**Бишкек шаарынын Административдик сотуна**

доогер: Ильязбек Якубов
Бишкек ш, Уметалиев к. 89
т:0551-50-93-21

жоопкер: Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум өткөрүү боюнча
камиссиясы
Бишкек ш, Пушкин к.50
т:0312-62-08-21

# А Д М И Н И С Т Р А Т И В Д И К – Д О О А Р Ы З

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга укуктуу экендиги кепилденгендиктен мен дагы өзүн өзу көрсөтүү тартибинде № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигимди көрсөтком

№ 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигимди өзүн өзү көрсөтүү жолу менен корсотуудо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1- бөлүмүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясы эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат деген нормага таянуу менен арыз бергем.

Бирок административдик жоопкер Кыргыз Республикасынын Шайлоо

жана референдум өткөрүү боюнча камиссиясы Н.Шайлдабекованын төрагалыгы астында №89 сандуу чечими менен мени талапкер катарында каттоодон негизсиз турдо баш тарткан.

Талапкер катарында каттоодон баш тартуунун негизин шайлоо алдында төлөнүүчү 100 000(жуз мин) сом күрөөнү төлөгөн эмес деген жүйөнү келтирип, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоо” жөнүндөгү мыйзамынын 61-беренесинин негизинде баш тарткан.

КРнын аймагында КРнын Конституциясы негизги мыйзам болуп эсептелип, бардык мыйзамдардан жогору туруп, тикелей колдонулгандыктан жоопкер Борбордук шайлоо комиссиясы КРнын Конституциясынын

талаптары менен иштеп, КРнын Конституциясынын 37-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык мени талапкер катарында катташы керек болчу.

Жогорудагылардын негизинде КРнын Конституциясынын 37-беренесинин 1-бөлүмүнө таянып, КРнын АПКнин 201-беренесинин талаптарын сактоо менен Сиздерден

**С У Р А Н А М Ы Н:**

Административдик доо арызды канааттандырып беруунузду;

Жоопкер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча камиссиясы Н.Шайлдабекованын төрагалыгы астында кабыл алган №89 сандуу чечимин мыйзамсыз деп таап, жокко чыгарууну;

Жоопкер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча камиссиясынын мени талапкер катарында каттоодон баш тартуу жөнүндөгү аракетин мыйзамсыз деп таап, мени №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча өзүн өзү көрсөтүү тартибинде талапкер катарында каттоону жоопкер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча камиссиясына милдеттендирүүнү;

Тиркеме:
мамлекеттик алымды төлөө квитанциясы;
чечимдин кочурмосу;
паспорттун кочурмосу;

Урматтоо менен
И. Якубов